# Дүйнө өлкөлөрү жана калкы

6-класс физикалык география

Мугалим:Кубандыкова С.К.

# Калктын саны жана өсүү арымы:

- 19-кылымдын башынан тартып ушул күнгө чейин дүйнөдө 2 минден ашык эл каттоо жүргүзүлгөн.Азыркы учурда өнүккөн өлкөлөрдүн көбү 10 жылда бир жолу эл каттоо жургузуп турат.Демограф-статисттердин эсептоолору боюнча адамзаттын буткул тарыхында Жер бетинде 80 млрд адам торолгон.Бирок ошол тарыхтын башынан аягына чейин калктын осушу эн эле жай.Акыркы мин жылдын ичинде биринчи жолу калктын санынын эки эсе кобойуусу учун 600 жыл моонот керек болгон.,экинчи жолу 230,учунчусундо 100жылга жакын,ал эми тортунчу жолкусунда 40 эле жыл талап кылынган.Демек, дүйнө калкы 20 кылымдын аягындагыдай өскөн эмес.

# Калктын санынын көбөйүшү

- 1950-жылы калктын саны 2,5млрдга жетсе,1987-жылы-5млрд,ал эми 1999-жылдын 12-октябрында 6 млрдга жеткен.Кыйыр эсептөөлөрдүн натыйжасында 6 жылдын ичинде дуйнонун калкы дагы 400млнго көбөйдү.



# Калктын өсүшү жөнүндө түшүнүк

- Калктын кайра өнүгүп толукталышы-деген,калктын үзгүлтүксүз жанырып туруусун,алардын муун алмашуусун камсыз кылган төрөлүү,өлүм-житим жана табигый өсүш процесстеринин чогулган түшүндүрмөсү.
- Калктын табигый өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү-төрөлүү жана өлүм житим,алардын айырмасы,б.а. төрөлшгөндөрдүн санынан өлгөндөрдүн санын алып таштаса,калктын табигый өсүшү келип чыгат.
- Төрөлүү өлүм-житим,калктын табигый өсүшү-негизинен биологиялык процесс.Бирок,аларга ечүүчү таасирди элдин социалдык-экономикалык жашоо шарты,ошондой эле коомдогу жана үй-бүлөөдөгү өз ара мамилелер таасирин тийгизет.



# Терминдер

- Демографиялык жарылуу-Экинчи типтеги калктын өсүп-өнүгүүсүнө жана табигый өсүүнүң жогорку жана эн жогорку ,ал эми өлүм-житимдин салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүчтөрү мүнөздүү.Мындай абал өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө мүнөздүү.
- Демографиялык кризис-бул типтеги өсүшкө салыштырмалуу төрөлүү,өлүм-житим жана табигый өсүштүн анчалык жогору болбогону мунoздуу.Мындай абал биринчи кезекте экономикалык жактан жакшы онуккон олколордо жайылган,аларда уйгайган адамдардын улушу кобойуп,жаштардын улушунун азайышы төрөлүүнүн көрсөткүчүн азатып,өлүм-житимдин көрсөткүчүн көбөйтөт.
- Демографиялык саясат-мамлекет өзү каалаган жакка багыттаган калктын өсүшүнө таасир тийгизүү максатында жүргүзүлгөн админстрациялык,экономикалык,үгүт-насааттык ж.б. иш-аракеттин системасы.

# Калктын курамы

- Дүйнөдө төрөлгөн ар бир 100 кызга 114-117 эркек бала туура келет,алар 15 жашка жеткен кезде экоонун саны тенелет.Бирок кийинки жаш курагында экөөнүн айырмасы ар өлкөдө ар башкача болот.



Бир канча өлкөлөрдө аялдардын көптүгү экинчи дүйнөлүк согуш убагындагы эркектердин азайышына байланыштуу.Кийинки муундардын кошулушу менен ал айырмачылык акырындап жоюлуп баратат.

1997-жылы Россияда аялдар 9 млнго көп болгон,2000-жылы эркектерден аялдардын саны 10-11 млнго артты.Бул эркектердин өлүмүнүн көптүгүнө байланыштуу.



# Калктын курактык түзүлүшүнүн эмгек ресурстарына тийгизген таасирлери.

- Калктын курактык түзүмү эмгек ресурстарын аныктай турган эн башкы критерий.Калкты өндүрүшкө тартуу даражасы калктын экономикалык активдуулугу менен аныкталат.Калк курагы боюнча үч категорияга болүнөт:15 жашка чейинки балдар;15-49 жаштагылар;50 жаштан өтүп улгайгандар.Булардын ичинен эмгекке жарамдуу болугу 16 жаштан 55-60 жашка чейинкилери калктын экономикалык активдуу болугу болуп саналат.


# Этностук-Лингвистикалык курамы боюнча дүйно калкы ар түрдүү.

- Азыркы учурда дүйнөдө 3-4 мин уруу жана этнос бар,алардандын көпчүлүгү улутка айланган.Азчылыгы уруу боюнча кала берген.Калктын саны боюнча классификациялоо алардын ар түрдүүлүгүн көрсөтөт:1,3 млрд болгон кытайлардан тартып,саны минге жетпеген Шри-Ланкадагы веддер,менен Россиядагы юкагилерге чейин.Азыркы учурду дүйнөдө 310 улуттун калкынын саны 1 млндон ашат б.а. Дүйнөнүн калкынын 95,7 % ын түзөт.

# Адам расалары

- Бирдей расалык белгилери бар адамзаттын ири топтору ***расалар*** деп аталат.
- Бүткүл адамзатты үч чоң топко:***европеиддик***, ***азиаттык*** жана ***экватордук*** расаларга бөлүнөт.






- Европеиддик расанын адамдарынын өңү түсү бирдей эмес, терисинин түсү агыштан кара торуга чейин, чачтары саман түсполдөн карага чейин, ал эми көздөрү көк же кара көзгө чейин болот. Баардык өкүлдөрүнүн бет сөөктөрү куушураак, мурундары кырдуу, узунураак болот.Бул раса ич ара тундүктүк (балтикалык) жана туштүктүк болуп эки кичине расага бөлүнөт.




- Азиаттык расанын (аны монголоиддик деп да аташат) адамдарынын бети жайыгыраак, теринин өңү бир аз саргычыраак келет. Чачтары түз кайраттуу, көз кыйыгы кууш болот. Бул раса ич ара үч майдараак топко: ***тынч океандык, континенттик жана америкалык*** болуп бөлүнөт.




- Экватордук расанын адамдарынын терисинин өңү каралжын, чачтары тармал жана жыш, эриндери калың, мурундун таноосу кеңири болот. Булар да ич ара 2 кичине топко бөлүнүшөт:африкалык (негроид) жана автсралоиддик болуп бөлүнүшөт.

# Ар түрдүү расалардын ортосундагы никелик байланыштардын натыйжасында аралашма расалар да пайда болду (метис, мулат).



# Тапшырма

- Аянты боюнча алдынкы орунда турган мамлекеттерди жазгыла.
- Дүйнөдөгү калкынын саны көп мамлекеттерди картага белгилегиле.
- Расалардын айырмачылыктарын атагыла.